Жалал-Абад шаарындагы №22 негизги мектебинин педагогикалык кеңешмесинин

# №1 ТОКТОМУ

Жалал-Абад шаары.
№22 н.м.
30.08.2018-жыл.

Жалпы мугалимдердин саны: 13
Катышты: 13

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. №22 негизги мектебинин 2018-2019-окуу жылына карата түзүлгөн жалпы иш-планын бекитүү.
2. 2018-2019-окуу жылына карата мектептин окуу планын бекитүү.
3. Жаңы окуу жылына карата мугалимдердин окуу жүктөмдөрүн жана усулдук кеңештин курамын бекитүү.
4. Тарификациялык комиссиянын мүчөлөрүн бекитүү.
5. Класс жетекчилерди дайындоо.
6. Август учётунун жыйынтыгы.
7. Ар түрдүү маселелер.

Угулду: Манапова У.О.- мектеп директору.

Мектеп директору педагогикалык кеңешти ачып, жаңы окуу жылына карата мугалимдерге каалоо-тилектерди айтып, педагогикалык кеңеште карала турган маселелер менен тааныштырып, кийинки сөздү окуу бөлүмүнүн башчысына берди.

Угулду: Канатова С.С- окуу бөлүмүнүн башчысы биринчи маселе боюнча сөзгө чыкты.Мектептин 2018-2019-окуу жылында мугалимдердин негизги милдети окуучуларга сапаттуу билим берүү. Зээндүү окуучулар менен жекече иштөө, жетишүүсү начар окуучулар менен иш алып баруу. Олимпиадага окуучуларды даярдоо,иш пландарды туура, так жүргүзүү керектигин айтып өттү.

Тарбиялык иштер жана соцпедагогдун иш-планы да бир топ сунуштардан кийин алымча жана кошумчалар болду.Түзүлгөн жалпы иш планы менен мугалимдерди тааныштырды жана кеңешме мүчөлөрүнүн суроолоруна жооп берди.

Угулду:Абдулгазиева О.С.- тарбия иштери боюнча директордун орун басары. Ал 2015-2016-окуу жылына карата түзүлгөн тарбиялык жана класстан тышкаркы иштердин жалпы иш планы менен тааныштырып өттү.

Угулду: Канатова С.С-окуу бөлүмүнүн башчысы экинчи маселе боюнча токтолуп өттү. 2018-2019-окуу жылына карата Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын Базистик окуу пландарыны карап чыгып, сунуштары талкууланды.

Үчүнчү маселе боюнча окуу жүктөмдөрүнү карап чыгып, мугалимдерге бөлүнгөн сааттар талкууланып,жыйынтык чыгарылды.

Төртүнчү маселе боюнча тарификациялык комиссиянын мүчөлөрү жаңы окуу жылына карата мугалимдерге колго салуу менен бир добуштан төмөндөгүчө болду.

Комиссия мүчөлөрү:

1. Манапова У- комиссия төрайымы
2. Канатова С – окуу бөлүмү башчысы
3. Абдулгазиева О- организатор
4. Сатымкулова - мугалим
5. Рахманова – мугалим

Бешинчи маселеде класс жетекчилерди дайындоо көрүлдү. Алар төмөндөгүдөй:

0-класс - Суюнбаева К
1-класс - Мирзаходжаева М
2-класс - Рахманова Н
3-класс - Усманова Д
4-класс – Рахманова Н
5-класс - Хакимова К
6- класс -Акматова Н
8-класс – Канатова С
9-класс- Абдулгазиева О

Алтынчы маселе боюнча августь учётун тактоо боюнча Канатова Самара сөзгө чыкты. Анда участка боюнча бөлүп берилген мугалимдер мектеп жашындагы балдарды Курорт аймагы боюнча тактап келгендигин билдирди. Мектепке тартылбай калган балдар катталбаганы аныкталды.

Мугалимдердин көйгөйлөрү, сунуштары жана талаптары талкууланды. Жогорудагы маселелерди карап чыгып, талкууланып, бир добуштан токтом чечим кылат

Чечим:

1. №22 негизги мектебинин 2018-2019-окуу жылына карата түзүлгөн жалпы иш-планы бекитилсин.
2. 2018-2019-окуу жылына карата мектептин окуу планы бекитилсин.
3. Жаңы окуу жылына карата мугалимдердин окуу жүктөмдөрү базистик окуу планынын негизинде бекитилсин. Мугалимдердин бөлүштүрүлгөн сааттар туура жана объективдүү деп табылсын.
4. Тарификациялык комиссиянын көрсөтүлгөн мүчөлөрү комиссияга татыктуу деп табылсын.
5. Дайындалган класс жетекчилер милдеттерин жогорку натыйжада алып барышсын.
6. Август учётунун жүргүзүлүшү канааттандыраарлык деп табылсын.
7. Мугалимдер тарабынан берилген сунуш-талаптар каралып чыгылсын.

Педагогикалык кеңештин төрайымы: Манапова У.О

Катчы: Суюнбаева К.К

Жалал-Абад шаарындагы №22 негизги мектебинин педагогикалык кеңешмесинин

## №10 ТОКТОМУ

Жалал-Абад шаары.
№22 н.м.
30.05. 2019-жыл.

Жалпы мугалимдердин саны: 13
Катышты: 13

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.5-6-8-класстарды класстан класска көчүрүү жөнүндө.

2. Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жобосу.

1. Биринчи маселе боюнча мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Канатова С.С. сөз сүйлөдү.5-6-8-класстарда көчүрүү сынактары жободо көрсөтүлгөн тартипте өткөрүлдү. 7-класс бала саны толук болбогондуктан ачылган эмес. Ал эми калган класстар сынакка өз убагында,толук катышып, ийгиликтүү тапшырышты. Экзамен алган мугалимдер сынактын иштерин протоколдорун толугу менен тапшырышты. Окуучулар арасында сынактан өтпөй калган, күзгү сыноого коюлган окуучулар болгон жок.

Педагогикалык кеңешменин чечими менен “эң жакшы” окуган окуучуларды сынактан бошоттук.Бошотулган окуучулардын тизмелери педагогикалык кеңешмеде жарыяланып,тизме катталды.

класстар төмөнкү предметтерден сынактарды тапшырышты:

| № | Классы | Предмети | Сынак алуучу мугалим |
|---|---|---|---|
| 1 | 5 | Кыргыз тили | Канатова С.С |
| | | Тарых | Элдияр кызы Бегимай |
| 2 | 6 | Кыргыз тили | Канатова С.С |
| | | Биология | Шералиева А |
| 3 | 8 | Кыргыз тили | Канатова С.С |
| | | Чет тили | Абдулгазиева О.с |

2. Экинчи маселе боюнча мектептин директору Мамырасулова А.Д. сөз сүйлөдү:

9-класстын окуучулары мамлекеттик аттестацияны жободо көрсөтүлгөн график боюнча тапшырышат. Жүгүртмө түзүлүп,каридордун көрүнүктү жерине илинген. Окуучулар мамлекеттик аттестациянын жобосу боюнча маалыматты толук алышкан. Окучулардын ата –энелрине чогулуш өткөрүлүп, аттестациянын тартиби жана графиги менен тааныштырылган. Окуучулар

экзаменди тапшырып бүткөндөн кийин 20-июнда негизги билими тууралуу күбөлүгү тапшырылат.

Бүтүрүүчүлөрдүн экзаменге толук келишине жана кечикпей келишине класс жетекчилер уюштурат.Экзаменатор мугалимдер мамлекеттик аттестациянын жобосу боюнча толук маалымат алышты.

Усулдук бирикменин жетекчиси Усманова Д сөзгө чыгып, экзаменатор мугалимдер мамлекеттик аттестациянын жобосу боюнча толук маалымат алышты. Консултацияларды балдарга билеттер боюнча жеткиликтүү жана түшүнүктүү өтүүсүн айтып өттү.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып, талкууланып, бир добуштан токтом чечим кылат:

Чечим:

1.5-6-8-класстын окуучулары экзамендин жыйынтыгы менен класстан класска көчүрүлсүн.

2. 9-класстын окуучулары мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга жиберилсин.

Педагогикалык кеңештин төрайымы: Мамарасулова А.Д

Катчы: Суюнбаева К.К

Жалал-Абад шаарындагы №22 негизги мектебинин педагогикалык кеңешмесинин

№1 ТОКТОМУ

Жалал-Абад шаары.
№22 н.м.
28.08. 2019-жыл.

Жалпы мугалимдердин саны: 12
Катышты: 12

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 2018-2019-окуу жылынын анализи.Жалпы окуу жылына даярдыктар.Базистик окуу планы менен таанышуу.
2. 2019-2020-окуу жылына карата түзүлгөн жалпы иш планын бекитүү.
3. Усулдук кеңешменин иш планын бекитүү.
4. Педагогикалык кадрлардын курамын тактоо жана сабактарды бөлүштүрүү.
5. Класс жетекчилерди бекитүү.
6. Ар түрдүү маселелер.

Угулду: Мектеп директору Мамырасулова А.Д. педагогикалык кеңешти ачып, регламент келишип алып жаңы окуу жылына карата мугалимдерге каалоо-тилектерди айтып, регламент келишип алып ,педагогикалык кеңеште карала турган маселелер менен тааныштырып, кийинки сөздү окуу бөлүмүнүн башчысына берди.

Угулду: окуу бөлүмүнүн башчысы Канатова С.С- биринчи маселе боюнча сөзгө чыгып, 2018-2019-окуу жылынын анализин берип өттү. Аткарылган иштердин ийгиликтерин айтып, кемчиликтерине эскертти. 2019-2020-окуу жылында мугалимдердин негизги милдети окуучуларга сапаттуу билим берүү. Зээндүү окуучулар менен жекече иштөө, жетишүүсү начар окуучулар менен иш алып баруу. Олимпиадага окуучуларды даярдоо,иш пландарды туура, так жүргүзүү керектигин айтты. Базистик окуу план боюнча маалыматтарды берди.
Экинчи маселе боюнча да кошуп өттү. Жаңы окуу жылынын иш планын мугалимдерге жеткирип, ой-пикирлерин, сунуштарын берүүнү сурады. Мугалимдер жылдык иш план менен таанышып чыкты. Өз ара талкуулашты жана анализ жүргүзүп өздөрүнүн ой-пикирлерин сунуштады.

Угулду: Усулдук бирикменин жетекчиси Усманова Д өзүнүн иш планы менен тааныштырды. Мугалимдерге талкууга коюлуп, сунуш-пикирлер айтылды.

Угулду: Педагогикалык кадрлардын курамын тактоо жана сабактарды бөлүштүрүү боюнча кайра окуу бөлүмүнүн башчысы ушул маселе боюнча билдирип өттү. Жыл башында 12 мугалимге предмет боюнча базистик окуу планы менен түзүлгөн жадыбал боюнча сааттар каралды. Мугалимдердин окуу

жүктөмдөрүн бөлүүдө адистигине, педстаждарына, билими жана жөндөмдүүлүктөрү эске алынды.

5-маселеде класс жетекчилерди дайындоо көрүлдү. Алар төмүндөгүдөй:

0-класс - Рахманова Н
1-класс - Рахманжанова Н
2-класс - Мирзаходжаева М
3-класс - Рахманова Н
4-класс – Усманова Д
5-класс - Абдулгазиева О
6- класс - Абдувахидова О
7- класс - Сатымкулова Г
9-класс – Канатова С

Ар түрдүү маселелерде мугалимдердин көйгөйлөрү, сунуштары жана талаптары талкууланып такталды.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып чечим кылат.

1. 2018-2019-окуу жылынын анализи канааттандыраарлык деп табылсын.Жалпы окуу жылына даярдыктар.Базистик окуу планы менен таанышуу.
2. 2019-2020-окуу жылына карата түзүлгөн жалпы иш планы бекитилсин.
3. Усулдук кеңешменин иш планын бекитилсин.
4. Педагогикалык кадрлардын курамын тактоо жана сабактарды бөлүштүрүү алардын адистигине, педстаждарына, билими жана жөндөмдүүлүктөрү карап бөлүнсүн.
5. Дайындалган класс жетекчилер милдеттерин жогорку натыйжада алып барышсын бекитүү.
6. Мугалимдер тарабынан берилген сунуш талаптар каралып чыгылсын.

Педагогикалык кеңештин төрайымы: Мамырасулова А.Д
Катчы: Суюнбаева К.К

Жалал-Абад шаарындагы №22 негизги мектебинин педагогикалык кенешмесинин

## №10 ТОКТОМУ

Жалал-Абад шаары.
№22 н.м.
30.05. 2020-жыл.

Жалпы мугалимдердин саны: 12
Катышты: 12

Күн тартибинде каралуучу маселелер
1. 1-4-класс,5-7-класстарда класстан класска көчүрүү жөнүндө.
2. Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестациясына жиберүү жөнүндө.

Угулду: мектеп директору Мамырасулова А пед.кеңешмени ачык деп жарыялап, күн тартибиндеги маселелери менен тааныштырды. Мугалимдердин жүрүм-туруму, иш алып баруусу жөнүндө сүйлөп өттү. Биринчи маселе боюнча мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Канатова С сөз сүйлөдү:

-Башталгыч класстардын класс жетекчилери окуучулардын онлайн сабактагы
жетишүүсү боюнча отчёт беришти. Алардын арасында программаны өздөштүрө албай калган балдар жок. Төмөнкү класс жетекчилер классындагы окуучулардын жетишкендиктерин жана көйгөйлөрүн айтып класстан класска көчүрүү боюнча педагогикалык кеңешмеге коюшту.

1-класста – 19 окуучу
2-класста – 18 окуучу
3-класста -18 окуучу
4-класста – 15 окуучу
5-класста – 14 окуучу
6-класста- 9 окуучу
7-класста -11 окуучу

Экинчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Канатова С.С:
9-класстын окуучулары мамлекеттик аттестацияны жободо көрсөтүлгөн график боюнча тапшырышат. Жадыбал түзүлүп,онлайн катышуулар уюштурулат. Окуучулар мамлекеттик аттестациянын жобосу боюнча маалыматтарды алышты. Окучулардын ата –энелерине аттестациянын тартиби жана графиги боюнча маалыматтар жиберилген. Окуучулар мамлекеттик аттестацияны ийгиликтүү тапшырып алган соң, баалар толук күбөлүккө жазылып окуучуларга тапшырылат.Тапшыруу тартиби бүтүрүүчүлөргө жеткирилет.

Бүтүрүүчүлөрдүн экзаменге толук онлайн катышуусуна класс жетекчилер жана ата-энелер (же алардын мыйзамдуу өкүлдөрү) жооптуу.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып, токтом чечим кылат

Чечим:

1. 1-4-кл,5-7-класстар мурдагы бааларына, жетишүүсүнүн жыйынтыгы менен класстан класска көчүрүлсүн.
2. Бүтүрүүчүлөр мамлекеттик аттестациясына жиберилсин. Жооптуу болуп окуу бөлүмүнүн башчысы жана класс жетекчиси Канатовага милдеттендирилсин.

Педагогикалык кеңештин төрагасы: Мамырасулова А.Д

Катчы: Суюнбаева К

Жалал-Абад шаарындагы №22 негизги мектебинин педагогикалык кенешмесинин №1 отурумунун

## №1 ТОКТОМУ

Жалал-Абад шаары.
№22 н.м.
02.09. 2020-жыл.

Жалпы мугалимдердин саны: 14
Катышты: 14

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Педагогикалык кадрлардын курамын тактоо, сабактарды бөлүштүрүү.
2. Тарификациялык комиссиянын, эксперттик кеңештин мүчөлөрүн курамын бекитүү.
3. Класс жетекчилерди бекитүү.
4. 2020-2021 -окуу жылына карата окуу планды талкуулап, бекитүү.
5. Ар түрдүү маселелер

Биринчи маселе боюнча мектеп директору Мамырасулова А.Д. чогулушту ачып берип, күн тартибин жарыялады.Быйылкы окуу жылында 14 мугалим эмгектенип жатканын билдирип калоо- тилектерин айтты.
Окуу бөлүмүнүн башчысы Канатова С предметтик мугалимдердин толукталганын айтты, башталгыч класстардын мугалимдери жөнүндө маалымат берди. Окуу жүктөмдөрү программада берилген сааттар боюнча бөлүнгөндүгүн билдирди.

Экинчи маселе боюнча мугалимдер өз ара талкуу жүргүзүп, тарификацияны түзүү комиссиясынын курамын сунуштады. Алар төмөнкү мугалимдер: Мамырасулова А.
Канатова С.
Усманова Д
МирзаходжаеваМ.
Абдулгазиева О.

3-маселеде класс жетекчилерди дайындоо көрүлдү. Алар төмүндөгүдөй:
0-класс - Рахманова Н
1-класс - Рахманова Н
2-класс - Маматкадырова Г
3-класс - Мирзаходжаева М
4-класс – Усманова Д

5-класс - Канатова С
6- класс - Абдулгазиева О
7- класс - Анарбаев А
8- класс - Абдулгазиева О

Кезектеги маселе боюнча ОББ Канатова маалымат берди. 2020-2021- окуу жылына болжолдуу түзүлгөн пед.кенешменин жылдык планын ортого салды. Мугалимдер жылдык иш планы менен таанышып чыкты. Өз ара талкуулашты жана анализ жүргүзүп өздөрүнүн ой-пикирлерин сунуштады.

Ар түрдүү маселелерде мугалимдердин көйгөйлөрү, сунуштары жана талаптары талкууланып такталды.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып, чечим кылат.

1. Педагогикалык кадрлардын курамы такталып, окуу жүктөмдөрү бөлүштүрүлсүн.
2. Сунушталган комиссия мүчөлөрүнүн курамы бекитилсин.
3. Көрсөтүлгөн класс жетекчилер дайындалсын.
4. 2020-2021 -окуу жылына карата окуу планына түзүлгөн план бекитилсин.
5. Мугалимдер тарабынан берилген сунуштар-талаптар каралып чыгылсын.

Педагогикалык кеңешменин төрайымы: Мамырасулова А.Д
Катчы: Маматкадырова Г

Жалал-Абад шаарындагы №22 негизги мектебинин педагогикалык кенешмесинин

# №10 ТОКТОМУ

Жалал-Абад шаары.
№22 н.м.
30.05. 2021-жыл.

Жалпы мугалимдердин саны: 12
Катышты: 12

Күн тартибинде каралуучу маселелер

1. 1-4-класс,5-7-класстарда класстан класска көчүрүү жөнүндө.
2. Окуу бөлүмүнүн башчысы С.С Канатованын билим сапаты боюнча отчёту.

Угулду: мектеп директору Мамырасулова А.Д. чогулушту ачып берип, күн тартибин жарыялады. Окуу жылын ийгиликтүү аяктап алгандыгы менен мугалимдерге жылуу сөздөрүн айтты. Андан кийин обб га сөз берди. Биринчи маселе боюнча обб Канатова окуучулардын жылдык жыйынтык бааларынын негизинде класстан класска көчүрүүнү педагогикалык кенешмеге койду.

1-класста – 17 окуучу
2-класста – 22 окуучу
3-класста -17 окуучу
4-класста – 17 окуучу
5-класста – 14 окуучу
6-класста- 12 окуучу
7-класста -6 окуучу
8-класста- 11 окуучу

Экинчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы С.С Канатова билим сапаты боюнча отчётун берди. Ал өз сөзүндө 2020-2021-окуу жылында активдүү иштеген,ийгиликтерге жетишкен мугалимдерди атап өттү. Андан кийин окууда ийгиликтерге жетишкен окуучулардын аты-жөнү жарыяланып, класс жетекчилерге жана предмет мугалимдерге ыраазычылык билдирди.
Окуучулардын билим сапаты төмөндөгүчө:
1-4-класстарда 48%
5-8-класстарда 45%
Жалпы - 46,5%
Сөзүнүн акырында 9-класстарыбыз бала саны жетпей ачылбаганын эскертип өттү. Мектепке окуучуларды тартуунун биринчи себеби мугалимдердин ишмердүүлүгүн жогорулатуу жана мектептин аброюн көтөрүү деп ойлоймун деп сөзүн жыйынтыктады.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып, чечим кылат.

1. 1-4-кл,5-7-класстар мурдагы бааларына, жетишүүсүнүн жыйынтыгы менен класстан класска көчүрүлсүн.
2. Окуу бөлүмүнүн башчысынын отчёту канааттандыраарлык деп эсептелсин жана айтылган сунуштары жолго салынсын.

Педагогикалык кеңешменин торайымы: Мамырасулова А.Д

Катчы: Маматкадырова Г

Жалал-Абад шаарындагы №22 негизги мектебинин педагогикалык кенешмесинин

## №1 ТОКТОМУ

Жалал-Абад шаары.
№22 н.м.
13.09. 2021-жыл.

Жалпы мугалимдердин саны: 14
Катышты: 14

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 2019-2020-окуу жылынын анализи.Жаңы окуу жылына даярдыктар.
2. 2020-2021 -окуу жылына карата базистик окуу планды талкуулап, бекитүү.
3. Класс жетекчилерди бекитүү.
4. Ар түрдүү маселелер

Угулду: Биринчи маселе боюнча мектеп директору Мамырасулова А.Д. чогулушту ачып берип, күн тартибин жарыялады.Быйылкы окуу жылында 14 мугалим эмгектенип жатканын билдирип, калоо тилектерин айтты.

Окуу бөлүмүнүн башчысы Канатова С биринчи маселе бюнча анализ берди. Жаңы окуу жылына даярдыктар жакшы деңгээлде болуп жатканын айтты. Андан кийин экинчи маселе боюнча базистик окуу планын мектеп жамаатына түшүндүрдү. Предметтик мугалимдердин толукталганын айтты, башталгыч класстардын мугалимдери жөнүндө маалымат берди. Окуу жүктөмдөрү программада берилген сааттар боюнча бөлүнгөндүгүн билдирди

3-маселеде класс жетекчилерди дайындоо көрүлдү. Алар төмүндөгүдөй:

0-класс - Рахманова Н
1-класс - Рахманова Н
2-класс - Ибайдуллаева С
3-класс - Усманова Д
4-класс – Мирзаходжаева М
5-класс - Мурзакулова М
6- класс - Канатова С
7- класс - Абдулгазиева О
8- класс - Фурхатова З
9-класс - Анарбаев А

Мугалимдер өздөрүнүн ар түрдүү маселелеринин сунуштап , ой-пикирлерин айтышты.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып, чечим кылат.

1. 2019-2020-окуу жылынын анализи жана окуу жылына даярдыктар канааттандыраарлык  деп табылсын.
2. 2020-2021 -окуу жылына карата базистик окуу планды бекитилсин.
3. Класс жетекчилер бекитилсин жана өз милдеттерин так аткарууга алышсын.
4. Мугалимдер тарабынан берилген сунуштар каралып чыгылсын.

Педагогикалык кеңешменин төрайымы: Мамырасулова А.Д
Катчы: Мурзакулова М.М

Жалал-Абад шаарындагы №22 жалпы негизги мектебинин педагогикалык кеңешмесинин

# №9 ТОКТОМУ

Жалал-Абад шаары.
№22 н.м.
07.06. 2022-жыл.

Жалпы мугалимдердин саны: 14
Катышты: 14

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.5-6-8-7-класстарды класстан класска көчүрүү жөнүндө.

2. Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жобосу.

Угулду:Биринчи маселе боюнча мектеп директору Сыдыков А.Ж. чогулушту ачып берип, күн тартибин маселелерди жарыялап,регламентти тактап алды. Быйылкы окуу жылында 14 мугалим эмгектенип жатканын билдирип, окуу жылын ийгиликтүү аяктаганын эскертип калоо тилектерин айтты.

Биринчи маселе боюнча мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Канатова С.С. сөз сүйлөдү.5-6-7-8-класстар жылдык бааларынын негизинде класстан класска көчүрүлөрүн айтты.

Ал эми экинчи маселе боюнча ОББ Канатова С КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 22-мартындагы №304/1 буйруктарын аткаруу максатында Жалал-Абад шаарынын №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин 2022-жылдын 3-мартындагы №264/1-б буйругунун негизинде 2021-2022-окуу жылындагы жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын буйругунда көрсөтүлгөн график боюнча тапшырышат. Жүгүртмө түзүлүп, каридордун көрүнүктүү жерине илинген. Окуучулар мамлекеттик аттестациянын жобосу боюнча маалыматты толук алышкан. Окучулардын ата –энелерине чогулуш өткөрүлүп, аттестациянын тартиби жана графиги менен тааныштырылган.

9-класстар төмөнкү предметтер боюнча мамлекеттик аттестация тапшырышат.

| № | Предмети | Мугалим | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Математика | Хакимова К.Т | 11.06.2022ж |
| 2 | Өзбек тили | Мирзаходжаева М | 14.06.2022-ж |
| 3 | Кыргыз тили | Коккозова Г | 17.06.2022-ж |
| 4 | Кыргызстан тарыхы | Мурзакулова М | 20.06.2022-ж |
| 5 | Биология | Таалайбекова Б | 22.06.2022-ж |

Окуучулар экзаменди тапшырып бүткөндөн кийин 25-июнда негизги билими тууралуу күбөлүгү тапшырылат.

Бүтүрүүчүлөрдүн экзаменге толук келишине жана кечикпей келишине класс жетекчилер уюштурат.Экзаменатор мугалимдер мамлекеттик аттестациянын жобосу боюнча толук маалымат алышты.

Усулдук бирикменин жетекчиси Усманова Д сөзгө чыгып, экзаменатор мугалимдер мамлекеттик аттестациянын жобосу боюнча толук маалымат берди. Консултацияларды балдарга билеттер боюнча жеткиликтүү жана түшүнүктүү өтүүсүн айтып өттү.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып, талкууланып, бир добуштан toktom чечим кылат:

1.1-4-кл,5-8-класстын окуучулары жылдын жыйынтыгы менен класстан класска көчүрүлсүн.

3. 9-класстын окуучулары мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга жиберилсин.

Педагогикалык кеңештин төрагасы: Сыдыков А.Ж

Катчы: Мурзакулова М

Жалал-Абад шаарындагы №22 негизги мектебинин педагогикалык кенешмесинин

# №1 ТОКТОМУ

Жалал-Абад шаары.
№22 н.м.
30.08. 2022-жыл.

Жалпы мугалимдердин саны: 13
Катышты: 13

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн жалпы иш планды бекитүү.

2.2022-2023-окуу жылына карата мектептин окуу планын бекитүү

3. Жаңы окуу жылына карата педагогикалык кадрлардын курамын тактоо, мугалимдердин окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү. Класстарга класс жетекчилерди бекитүү

4. Усулдук кеңешменин курамын бекитүү. Педагогикалык кеңешмеге катчы дайындоо.

Угулду:Биринчи маселе боюнча мектеп директору Сыдыков А.Д. чогулушту ачып берип, күн тартибин жарыялады.

Окуу бөлүмүнүн башчысы Канатова С биринчи маселе боюнча болжолдуу түзүлгөн жалпы иш планды жамаатка жеткиргенин айтты.Бул боюнча мугалимдер ой-пикирлерин билдиришти.

Экинчи маселе боюнча дагы өзүнүн сөзүн улады. Мектептин базистик окуу планын мугалимдер менен анализдешти.

Кезектеги маселе боюнча педагогикалык кадрлар толук экендигин айтты,. Окуу жүктөмдөрү программада берилген сааттар боюнча бөлүнгөндүгүн билдирди .

Класс жетекчилерди дайындоо көрүлдү. Алар төмүндөгүдөй:

0-класс - Мирзаходжаева М
1-класс - Рахманова Н
2-класс - Рахманова Н
3-класс - Марипова Н
4-класс – Усманова Д
5-класс - Коккозова Г
6- класс - Таалайбекова Б
7- класс - Канатова С
8- класс - Абдулгазиева О
9-класс - Орозалиева С

Усулдук кеңешме боюнча Д.Усманова түшүндүрүп өттү. Мектепте коллектив саны жана балдардын аз болгондугуна байланыштуу мектепте жалпы бир усулдук бирикме жүргүзүлөт жана жалпы план түзүлөт. Педагогикалык кеңешмеге катчы катары кыргыз тилчи Коккозованы сунушталды.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып, чечим кылат.

1.2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн жалпы иш планды бекитилсин.
2.2022-2023-окуу жылына карата мектептин окуу планын бекитилсин.
3. Жаңы окуу жылына карата педагогикалык кадрлардын курамын толук жана мугалимдердин окуу жүктөмдөрүн базистик окуу план боюнча бөлүштүрүлсүн. Дайындалган класстарга класс жетекчилерди бекитилсин.
4. Усулдук кеңешменин курамы жалпы педагогикалык жамаат болуп эсептелсин. Педагогикалык кеңешменин катчысы болуп Коккозова Гулбурак дайындалсын.

Педагогикалык кеңешменин төрагасы: Сыдыков А.Ж

Катчы: Мурзакулова М.М